
КЫРГЫЗ БАНКЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИ

## 2025-ЖЫЛДЫН I ЖАРЫМ ЖЫЛДЫГЫ






Төлөм теңдеми - бул отчёттук мезгил аралыгындагы Кыргыз Республикасынын башка өлкөлөр менен ишке ашырылган тышкы экономикалык операциялары чагылдырылган статистикалык отчёт. Төлөм теңдеминде маалыматтар үч эсеп боюнча топтоштурулат: күндөлүк операциялар эсеби, капитал менен операциялар эсеби жана финансылык эсеп. Күндөлүк эсепте резиденттер жана резидент эместер ортосундагы товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, ошондой эле баштапкы жана экинчилик кирешелердин агымы көрсөтүлөт. Капитал менен операциялар эсебинде резиденттер жана резидент эместер ортосунда өндүрүлбөгөн финансылык эмес активдер жана капиталдык трансферттер менен жүргүзүлгөн операциялар камтылат. Финансылык эсепте резиденттердин чет өлкөлүк финансылык активдерин сатып алуусу жана резиденттердин резидент эместер алдындагы милдеттенмелерин кабыл алуусу жөнүндө маалымат чагылдырылат.

| **Төлөм теңдеминин компоненттери** | **“+” жана “–” белгилеринин чечмелениши** |
| --- | --- |
| **Күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу** | “+” – профицит; “-”– тартыштык |
| *Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сальдосу* | “+” – профицит; “-”– тартыштык |
| *Баштапкы кирешелер сальдосу, экинчилик кирешелер сальдосу* | “+” – профицит; “-”– тартыштык |
| **Капитал менен операциялар эсебинин сальдосу** | “+” – профицит; “-”– тартыштык |
| **Финансылык эсеп** | “+” – таза кредиттөө (агылып чыгуу);<br>“-” – таза карыз алуу (агылып кирүү) |
| **Таза каталар жана калтырып кетүүлөр** | “+” – оң;<br>“-” – терс |

“Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми” мамлекеттик органдардан, коммерциялык банктардан жана башка булактардан түшкөн статистикалык маалыматтардын негизинде даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдуу негизи катары Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы № 92 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамы саналат.

Басылмада тышкы сектордун өнүгүүсүнүн акыркы тенденциялары чагылдырылган жана анда төлөм теңдеми, эл аралык инвестициялык позиция жана тышкы карыз боюнча маалыматтар, ошондой эле төлөм теңдемин түзүү методикасы жана маалымат базасы камтылган. Басылма жыл ичинде төрт жолу: февраль, июнь, август жана ноябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгат.

Жыл сайын өткөрүлүүчү маалыматтарды кайра карап чыгуу жол-жобосуна ылайык, бул басылмада Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2024-жыл ичиндеги тышкы соода боюнча акыркы маалыматтары берилген.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2025-жылдын 18-ноябры.**

**Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:**

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же бир аз экендигин билдирет;

– жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгы (мисалы, 1994-1996-жылдар же январь-июль айлары), бул көрсөтүлгөн интервалда бардык жылдарды жана айларды камтыган үзгүлтүксүз мезгилди билдирет.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу методологиясынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы “ачык” деп эсептелинет.

Маалыматтарды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда бир аз ажырым болушу мүмкүн.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча mabdubachaev@nbkr.kg электрондук почтасы, же (+996 312) 61-09-21, 61-02-95 телефондору боюнча кайрылууга болот.

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

Төрага: А. Козубеков
Кеңештин мүчөлөрү: А. Алиев, А. Мамбеткул кызы
Жооптуу катчы: М. Абдубачаев

Отчёттун PDF-версиясы жана төлөм теңдеми боюнча кошумча статистикалык маалыматтар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын www.nbkr.kg сайтында жайгаштырылган.
Түз кирүү үчүн QR-кодду сканерден өткөргүлө:

Басылманы даярдоого жооптуу аткаруучулар:
С. Эсенов, Р. Алмакунова, Г. Байматова, А. Мокоев, А. Дюшеналиева.

Уюштуруучу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн.
Каттоо номери 605. ISSN 1694-8955.

© Улуттук банк, 2025. Басылманы кайра басып чыгарууда Улуттук банктын уруксатын алуу, ал эми үзүндү келтирүүдө милдеттүү түрдө булагын көрсөтүү зарыл.

# КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **ДТК** | дүң тышкы карыз |
| **ИДӨ** | ички дүң өнүм |
| **МТК** | мамлекеттик тышкы карыз |
| **МИ** | мамлекеттик ишкана |
| **ЕАЭБ** | Евразия экономикалык бирлиги |
| **КБ** | коммерциялык банктар |
| **ЭВФ** | Эл аралык валюта фонду |
| **КР ТИМ** | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги |
| **ЭССК** | Эл аралык стандарттык соода классификациясы |
| **КР ФМ** | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| **КРУБ** | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| **ҮЧТКЭУ** | үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| **КР УСК** | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети |
| **БФКУ** | Банк эмес финансы-кредит уюмдар |
| **НЭАК** | банк эмес финансы-кредит уюмдар |

| | |
|---|---|
| **БАЭ** | Бириккен Араб Эмираттары |
| **Жалпы ТК** | жалпы тышкы карыз |
| **АКЖО** | акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| **ЭКӨУ** | Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму |
| **РЭАК** | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| **ААА** | атайын административдик аймак |
| **СИФ** | Импортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| **АКУ** | Атайын карыз алышуу укугу (Special Drawing Rights) |
| **АКШ** | Америка Кошмо Штаттары |
| **ТЭИТН** | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| **ФОБ** | Экспортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| **Жеке ТК** | жеке тышкы карыз |

# МАЗМУНУ


1. **Күндөлүк операциялар эсебинин динамикасы** ........ 7

2. **Капитал менен операциялар эсебинин балансы** ........ 12

3. **Финансылык эсеп боюнча баяндама** ........ 12

4. *1-тиркеме. Төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)* ........ 15

5. *2-тиркеме. Тышкы соода түзүмү боюнча баяндама* ........ 18

6. *3-тиркеме. Төлөм теңдемин түзүү үчүн маалымат булактары* ........ 20


## Күндөлүк операциялар эсебинин динамикасы

2025-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу 3 036,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн, бул өлкөнүн ички дүң өнүмүнүн 16,7%ына эквиваленттүү жана тартыштыктын 2024-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 23,6%га кыскарышын билдирет. Тартыштык көлөмүнүн негизги булагы болуп, мурдагыдай эле терс тышкы соода балансы эсептелет, ал импорттун жогору деңгээлде сакталышы жана анын экспорттон артышы менен шартталган. Бирок күндөлүк эсептин тартыштыгынын кыскарышына **баштапкы кирешелер сальдосунун жакшырышы, эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын оң мааниге өтүшү жана экинчилик кирешелер боюнча таза түшүүлөрдүн туруктуу көлөмү оң таасирин тийгизген.**

**Товарлар балансынын тартыштыгы, негизинен, импорт көлөмүнүн төмөндөшүнүн эсебинен минималдуу өлчөмдө кыскарган.**

2025-жылдын I жарым жылдыгында **соода балансынын терс сальдосу** 2024-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 0,4%га азаюу менен, ФОБ баасында 4 704,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Ал эми тышкы соода жүгүртүү көлөмү отчёттук жарым жылдыкта 9,1%га төмөндөп, ФОБ баасында 6 875,8 млн АКШ долларын түзгөн.

*1-график. Күндөлүк операциялардын компоненттери*
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




**Товарлар экспорту** ФОБ баасында 1 085,9 млн АКШ долларына жеткен (23,5%га кыскаруу). Алтынды эске албаганда экспорт 2024-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 10,4%га кыскаруу менен, 909,1 млн АКШ доллары чегинде катталган. Тышкы берүүлөрдүн товардык түзүмү алтындан (монетардык эмес), өнөр жай өндүрүшүнүн продукциясынан, текстиль продукциясынан жана айыл чарба товарларынан турган.


**Товарлар экспортунун географиялык түзүмүндө** 2025-жылдын январь айынан июнь айына чейин басымдуу салыштырма салмак ЕАЭБге кирбеген өлкөлөргө туура келген (55,8%). Товарлар экспортунун олуттуу көлөмү Өзбекстанга (ЕАЭБге кирбеген өлкөлөргө багытталган экспорттун жалпы көлөмүнүн 25,1%ы) жана Швейцарияга (17,3%ы) жөнөтүлгөн. Бул өлкөлөргө, негизинен, иштеп чыгаруу өнөр жайынын товарлары (алтын) жана айыл чарба продукциялары сунушталган.

ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн товарлар экспортунун жалпы көлөмүндөгү суммардык үлүшү 44,2%ды түзгөн.


**Товарлар импорту** ФОБ баасында 5 789,9 млн АКШ долларына жеткен, бул базалык мезгилдин көрсөткүчүнөн 5,7%га төмөн.

**Импорттун географиялык түзүмүндө** ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн түшүүлөрдүн үлүшү жалпы көлөмдүн 66,9%ын түзгөн. Бул аталган өлкөлөрдөн импорттолуучу аралык, керектөө жана инвестициялык товарларга суроо-талаптын жогору бойдон сакталып калышы менен шартталган. Мурдагыдай эле, Кытай, айрыкча, өнөр жай өндүрүшүнүн продукциясы, жеңил автоунаалар жана жасалма текстиль материалдарынан жасалган кездемелердин эсебинен, ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн берүүлөрдүн 60,6%ын камсыз кылуу менен, алдыңкы орунду ээлейт. ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн келген импорттун башка маанилүү багыттарынын ичинен Өзбекстанды, Корея Республикасын жана Түркияны белгилеп кетүүгө болот, алардын үлүшүнө тиешелүү берүүлөрдүн 17,1%ы туура келет.


*2-график. Соода балансы*
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




*3-график. Экспорттун 2025-жылдын I ж/ж ичиндеги функционалдык түзүмү*




*4-график. Импорттун 2025-жылдын I ж/ж ичиндеги функционалдык түзүмү*




Бул өлкөлөрдөн келген импорттун негизги статьялары катары жеңил автоунаалар, мөмө-жемиштери жана жаңгактар, ошондой эле башка категорияларга кирбеген автоунаалар саналат.

Ошол эле учурда ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдөн түшүүлөрдүн отчёттук мезгилдеги импорттун жалпы көлөмүндөгү үлүшү 33,1%ды түзгөн. ЕАЭБге кирген өлкөлөрдөн келген импорттун товардык түзүмүндө отун-энергетикалык товарлар басымдуулук кылган, алардын негизги сунуштоочулары болуп Россия (67,8%) жана Казакстан (30,3%) эсептелет. Бул өлкөлөрдөн энергия продукцияларынан тышкары керектөө жана инвестициялык багыттагы товарлардын кеңири ассортименти да импорттолот.

**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансындагы оң динамика резидент эместерден алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн кыйла азайышы менен катар алардын экспортунун бир аз кыскарышы менен да шартталган.**

Каралып жаткан мезгилде эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын сальдосу 288,4 млн АКШ доллары суммасында оң мааниде түптөлгөн (2024-жылдын биринчи алты айы үчүн берилген маалыматтарга ылайык (-)150,2 млн АКШ долларына салыштырмалуу). Мурдагы мезгилдегидей эле, эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдү жүгүртүү түзүмү туруктуу бойдон сакталып калган: негизги үлүш, адаттагыдай эле, үч негизги статьяга – кыдырууларга, транспорт кызматтарына, ошондой эле маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү жеке жактарга сунушталган кызматтарга (чогуу алганда, аларга жалпы көлөмдүн 67,2%га жакыны) туура келген.

*5-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы*
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*





“Кыдыруулар” статьясы боюнча сальдо 2,3 эсеге көбөйүү менен 248,4 млн АКШ доллары эквивалентинде профицит менен түзүлгөн. Экспорт Борбордук Азия, КМШ жана алыскы чет өлкөлөрүнөн туристтердин агымынын көбөйүшүнө байланыштуу 31,5%га жогорулаган, ал эми кыдыруулардын импорту 2,7%га азайган.

Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн пассивдүү балансы 61,5%га кыскаруу менен 118,9 млн АКШ долларын түзгөн. Кызмат көрсөтүүлөрдүн бул түрүнүн импортунда пассажирдик, жүк ташуу жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрү менен ишке ашырылган башка ташуулардын көлөмүнүн азайышы байкалган, ал эми экспорттун кыскарышына негизинен транспорттун ошол эле түрлөрү боюнча пассажирдик ташуулардын азайышы түрткү берген.

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында катталган 89,9 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү оң мааниге салыштырмалуу “жеке адамдарга маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр” статьясы боюнча таза позиция каралып жаткан мезгил ичинде (-) 0,4 млн АКШ доллары көлөмүндө терс мааниде түптөлгөн. Экспорт боюнча да, импорт боюнча да терс динамика байкалган, бул кызмат көрсөтүүлөрдүн аталган түрлөрүнө тышкы суроо-талап сыяктуу эле, ички суроо-талаптын да азайышы менен түшүндүрүлөт.

**Отчёттук мезгилде “баштапкы кирешелер” статьясы боюнча пассивдүү баланстын жакшырышына резидент эместерге инвестициялык кирешелер боюнча төлөөлөрдүн көлөмүнүн азайышы таасирин тийгизген.**

*6-график. Баштапкы кирешелер балансы*
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Талдоого алынып жаткан мезгилде “баштапкы кирешелер” статьясы боюнча терс баланс 2024-жылдын алты айына салыштырмалуу 36,0%га төмөндөп, 229,8 млн АКШ долларын түзгөн. Бул тенденция, эң оболу, локалдык компаниялар тарабынан чет өлкө инвесторлоруна инвестициялык кирешелер боюнча төлөөлөрдүн 30,4%га (286,2 млн АКШ долларына чейин) төмөндөшү менен шартталган. Резиденттер үчүн алууга чегерилген дивиденддердин көлөмү 8,7%га бир аз жогорулоо менен, 60,2 млн АКШ долларын түзгөн. Тике инвестициялар боюнча кирешелер толугу менен резидент эместерге төлөөлөр боюнча операциялар менен сунушталган жана 237,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс белги менен калыптанып, 2024-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 27,5%га кыскарган.

Мамлекеттик жана жеке секторлордун башка инвестициялары боюнча капиталды жайгаштыруудан төлөөгө чегерилген кирешелердин көлөмү 48,7 млн АКШ долларын түзгөн (41,6%га кыскаруу), ал эми башка инвестициялар боюнча алууга чегерилген кирешелер 60,2 млн АКШ долларын түзгөн (8,7%га көбөйүү). Жыйынтыгында, “башка инвестициялар” статьясы боюнча түшүүлөрдүн нетто көлөмү 11,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган (2024-жылдын январь - июнь айлары үчүн 28,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдого салыштырганда).


“Эмгек акы төлөө” статьясы боюнча тартыштык бир аз (7,0%га) көбөйгөн жана резидент эместердин Кыргыз Республикасында иш жүргүзүүсүнүн натыйжасында алган кирешесинин жалпы көлөмүнүн бир аз өсүшүнөн 3,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

**“Экинчилик кирешелер” статьясы боюнча активдүү баланс, мурдагыдай эле, жеке сектордун трансферттеринин таза агылып кирүүсүнүн оң динамикасы менен шартталат.**


2025-жылдын I жарым жылдыгында экинчилик кирешелер балансы 28,1%га көбөйүү менен 1 608,8 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай өсүш жеке сектордун (финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана үй чарбаларын тейлөөчү коммерциялык эмес уюмдар) трансферттеринен 1 614,6 млн АКШ доллары суммасында түшүүлөр менен камсыздалган, бул түшүүлөрдүн негизги бөлүгүн иштеп жаткандардын акча которуулары түзгөн, алардын үлүшү жалпы көлөмдүн 99,95%ына жеткен (28,9%га көбөйүү).

Иштеп жаткандардын акча которууларынын дүң агылып кирүү түзүмүнүн басымдуу бөлүгүн, мурдагыдай эле, акча которуу системалары аркылуу түшкөн каражаттар ээлеген (түшүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 81,8%ы). Акча которуу системалары аркылуу Кыргыз Республикасына дүң агылып кирүү көлөмү 1 469,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн (57,3%га көбөйүү). Ошол эле учурда өлкөдөн агылып чыгуу көлөмү 16,4%га өсүп, 171,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган. Акча которуу системаларынан кийинки үлүштү банктык мобилдик тиркемелер (банктык карталар) жана электрондук капчыктар аркылуу акча которуулар (11,0% же 197,1 млн АКШ доллары), ошондой эле почта аркылуу которуулар (салыштырма салмагы бир аз гана) ээлейт.

*7-график. Жеке адамдардын банк аркылуу түшкөн трансферттери*
*(млн АКШ долларында)*




*8-график. Чек ара аркылуу өтүүчү акча которуулардын динамикасы*
*(млн АКШ долларында)*



## Капитал менен операциялар эсеби

**Мамлекеттик секторго капиталдык трансферттердин брутто агылып кирүүсүнүн төмөндөшү капиталдык трансферттердин таза профицитинин төмөндөшүнө алып келген.**

2025-жылдын биринчи алты айы ичинде капитал менен операциялар эсебинин сальдосу, негизинен, 61,1 млн АКШ доллары суммасында мамлекеттик сектордун капиталдык трансферттеринин чет өлкөдөн дүң агылып кириши эсебинен 62,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган.

## Финансылык эсеп

**Финансылык эсеп боюнча тыштан таза карыз алуу көлөмүнүн өсүшүнө, негизинен, портфелдик жана тике инвестициялар салым кошкон.**


2025-жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча финансылык эсепте тыштан карызга алынган каражаттардын таза көлөмү Кыргыз Республикасына портфелдик жана тике инвестициялар линиясы боюнча түшүүлөр эсебинен (-)451,8 млн АКШ долларын түзгөндүгү (2024-жылдын ушул мезгилиндеги (-)668,0 млн АКШ долларына салыштырмалуу) белгиленген.

Портфелдик инвестициялардын динамикасы толугу менен мамлекеттик секторго каржылоону тартуу натыйжасында, 700,2 млн АКШ доллары суммасында милдеттенмелерди таза кабыл алуунун эсебинен калыптанган.

Тике инвестицияларга байланышкан тышкы экономикалык операциялар боюнча 271,3 млн АКШ доллары суммасында таза карыз алуу белгиленген, бул резиденттердин милдеттенмелеринин (276,6 млн АКШ доллары), эң башкысы, резидент эмес инвесторлордун кирешелерди өлкө ишканаларына кайра инвестициялоосу эсебинен резиденттердин чет өлкөдөгү активдеринен (5,3 млн АКШ доллары) басымдуулук кылышы менен шартталган.


*9-график. Финансылык эсептин сальдосу*

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Инвестициялардын негизги агылып кирүүсү иштеп чыгаруу өндүрүшүнө (135,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө таза агылып кирүү), кесиптик, илимий жана техникалык иш (44,3 млн АКШ доллары), маалымат жана байланыш (37,1 млн АКШ доллары), дүң жана чекене соода жүргүзүү (36,5 млн АКШ доллары), ошондой эле пайдалуу кендерди казып алуу чөйрөсүнө (17,9 млн АКШ доллары) туура келген.


***10-график. Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүү динамикасы***
*(млн АКШ долларында)*




***11-график. Экономика тармактары боюнча тике чет өлкө инвестициялары***
*(млн АКШ долларында)*




***12-график. 2025-жылдын I ж/ж Кыргыз Республикасынын экономикасына инвестиция салган алдыңкы 10 өлкө***



Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу (10,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө таза агылып чыгуу) жана курулуш чөйрөсүндө (3,1 млн АКШ доллары) агылып чыгуу байкалган.

Натыйжада, бардык финансылык агымдарды эске алганда, “каталар жана калтырып кетүүлөр” статьясынын сальдосу 3 044,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн (9,3%га кыскаруу).

2025-жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча эл аралык резервдин дүң көлөмү 6 508,4 млн АКШ долларын түзгөн (72%га өсүш), бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун 5,2 айынын ордун жабат.

## 1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 1 ж/ж 2024 | 1 ж/ж 2025 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | -737,7 | -5 142,7 | -6 820,5 | -4 112,0 | -3 974,4 | -3 036,6 |
| **Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | -2 636,0 | -7 027,2 | -8 936,9 | -6 644,3 | -4 871,0 | -4 415,7 |
| экспорт | 3 291,9 | 3 628,1 | 5 516,5 | 8 453,8 | 3 009,2 | 2 669,7 |
| импорт | 5 927,9 | 10 655,4 | 14 453,4 | 15 098,1 | 7 880,2 | 7 085,4 |
| **Соода балансы** [1] | -2 418,1 | -6 918,7 | -8 285,6 | -6 534,1 | -4 720,8 | -4 704,0 |
| Төлөм теңдеминин методологиясы боюнча экспорт (ФОБ баасында) | 1 357,0 | 2 240,3 | 2 095,1 | 2 630,1 | 1 014,3 | 909,1 |
| *анын ичинде реэкспорт* | 113,8 | 154,7 | 150,7 | 170,8 | 85,8 | 103,2 |
| Монетардык эмес алтын | 1 413,0 | 13,1 | 1 284,3 | 2 506,1 | 405,8 | 176,8 |
| Импорт (ФОБ баасында) | 5 188,1 | 9 172,1 | 11 665,1 | 11 670,3 | 6 140,9 | 5 789,9 |
| **Кызмат көрсөтүүлөр балансы** | -218,0 | -108,5 | -651,2 | -110,2 | -150,2 | 288,4 |
| экспорт | 521,8 | 1 374,8 | 2 137,0 | 3 317,6 | 1 589,1 | 1 583,8 |
| импорт | 739,8 | 1 483,3 | 2 788,3 | 3 427,9 | 1 739,3 | 1 295,4 |
| *Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр* | -293,4 | -547,4 | -824,6 | -654,4 | -309,2 | -118,9 |
| экспорт | 203,7 | 364,8 | 388,5 | 593,2 | 351,9 | 235,8 |
| импорт | 497,1 | 912,3 | 1 213,1 | 1 247,6 | 661,1 | 354,7 |
| *Кыдыруулар* | 134,1 | 537,7 | 492,3 | 380,6 | 109,4 | 248,4 |
| экспорт | 206,8 | 755,7 | 1 024,1 | 963,7 | 414,2 | 544,9 |
| импорт | 72,8 | 217,9 | 531,8 | 583,1 | 304,8 | 296,5 |
| *Жеке жактарга кызмат көрсөтүүлөр жана маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр* | -37,0 | -70,5 | -235,6 | 97,2 | 89,9 | -0,4 |
| экспорт | 22,7 | 91,2 | 387,2 | 859,3 | 476,3 | 250,9 |
| импорт | 59,7 | 161,7 | 622,8 | 762,2 | 386,3 | 251,3 |
| *Башка кызмат көрсөтүүлөр* | -21,6 | -28,3 | -83,3 | 66,4 | -40,3 | 159,3 |
| экспорт | 88,6 | 163,1 | 337,2 | 901,3 | 346,7 | 552,3 |
| импорт | 110,2 | 191,4 | 420,5 | 835,0 | 387,1 | 393,0 |
| **Баштапкы кирешелер балансы** [1] | -622,3 | -270,4 | -194,1 | -240,0 | -359,3 | -229,8 |
| Алууга | 9,8 | 29,4 | 85,5 | 123,9 | 55,4 | 60,2 |
| Төлөөгө | 632,0 | 299,8 | 279,6 | 363,9 | 414,7 | 290,1 |
| *Эмгекке төлөө (нетто)* | -6,2 | -9,2 | -6,9 | -7,3 | -3,6 | -3,8 |
| Алууга | — | — | — | — | — | — |
| Төлөөгө | 6,2 | 9,2 | 6,9 | 7,3 | 3,6 | 3,8 |
| *Инвестициялык кирешелер* | -616,0 | -261,2 | -187,2 | -232,7 | -355,7 | -226,0 |
| Алууга кирешелер | 9,8 | 29,4 | 85,5 | 123,9 | 55,4 | 60,2 |
| Төлөөгө кирешелер | 625,8 | 290,5 | 272,7 | 356,6 | 411,1 | 286,2 |

## 1-тиркеме. (уландысы)

| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 1 ж/ж 2024 | 1 ж/ж 2025 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экинчилик кирешелер** | 2 520,6 | 2 154,9 | 2 310,5 | 2 772,3 | 1 255,9 | 1 608,8 |
| Алууга | 3 104,8 | 3 382,4 | 2 894,9 | 3 246,8 | 1 508,9 | 1 804,6 |
| Төлөөгө | 584,2 | 1 227,5 | 584,4 | 474,5 | 253,0 | 195,8 |
| **Капитал менен операциялар** | 133,9 | 180,8 | 220,6 | 154,8 | 79,3 | 62,0 |
| Алууга | 155,2 | 196,2 | 231,5 | 156,5 | 81,0 | 62,0 |
| Төлөөгө | 21,3 | 15,4 | 10,9 | 1,7 | 1,7 | — |
| ***Таза кредиттөө (+)/ таза карыз алышуу (-) (күндөлүк операциялар эсебинин жана капитал менен операциялар эсебинин маалыматтары боюнча сальдо)*** | -603,8 | -4 961,9 | -6 599,9 | -3 957,2 | -3 895,1 | -2 974,6 |
| **Финансылык эсеп** | -666,8 | -522,5 | -157,8 | -1 214,9 | -668,0 | -451,8 |
| ***Таза кредиттөө (+)/ таза карыз алышуу (-) (финансылык эсептин маалыматтары боюнча сальдо)*** | -666,8 | -522,5 | -157,8 | -1 214,9 | -668,0 | -451,8 |
| **Тике инвестициялар**[1] | -560,7 | -509,5 | -151,3 | -238,0 | -317,2 | -271,3 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | -334,5 | -454,6 | 7,9 | 17,4 | -5,6 | 5,3 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 226,2 | 54,8 | 159,2 | 255,3 | 311,6 | 276,6 |
| **Портфелдик инвестициялар** | -0,4 | -0,4 | -0,3 | -0,4 | -0,2 | -700,2 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | — | — | — | — | — | — |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,2 | 700,2 |
| **Туунду финансылык инструменттер** | 0,3 | 0,7 | 9,6 | -0,6 | -0,6 | 0,0 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | 3,3 | 3,2 | 3,2 | -2,3 | -2,3 | -1,5 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 3,0 | 2,5 | -6,4 | -1,7 | -1,7 | -1,5 |
| **Башка инвестициялар** | -106,0 | -13,4 | -15,8 | -975,9 | -350,1 | 519,7 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | 340,6 | 885,4 | 425,6 | 1 165,4 | 333,8 | 216,2 |
| Капиталда башка катышуу | — | — | — | — | — | — |
| Накталай валюта жана депозиттер | 274,8 | 596,1 | 269,9 | 600,7 | 192,4 | -127,6 |
| Борбордук банк | 18,7 | -63,4 | 32,3 | -22,1 | -24,6 | -1,4 |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | 274,2 | 678,2 | 272,7 | 610,1 | 216,3 | -129,1 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | -18,1 | -18,7 | -35,1 | 12,7 | 0,7 | 2,8 |
| Ссуда жана насыялар | -1,5 | 0,7 | 0,5 | -1,8 | -0,1 | -0,2 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | -1,5 | 0,7 | 0,5 | -1,8 | -0,1 | -0,2 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | — | — | — | — | — | — |
| Камсыздандыруу, пенсиялык программалар жана стандарттык гарантиялардын программасы | — | — | — | — | — | — |

## 1-тиркеме. (уландысы)

| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 1 ж/ж 2024 | 1 ж/ж 2025 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Соода кредиттери жана авансвар | 93,6 | 290,7 | 110,1 | 522,2 | 131,5 | 360,7 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | — | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | 93,6 | 290,7 | 110,1 | 522,2 | 131,5 | 360,7 |
| Башка дебитордук карыз | -26,3 | -2,1 | 45,2 | 44,3 | 9,9 | -16,6 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 446,6 | 898,7 | 441,4 | 2 141,4 | 683,9 | -303,5 |
| Капиталда башка катышуу | — | — | — | — | — | — |
| Накталай валюта жана депозиттер | 37,3 | 429,1 | 63,7 | 287,8 | 193,5 | 159,5 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | 37,3 | 429,1 | 63,7 | 287,8 | 193,5 | 159,5 |
| Ссуда жана насыялар | 233,3 | 187,0 | 241,7 | 632,0 | 163,4 | 1,6 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | -33,3 | -36,6 | -13,4 | 6,1 | -0,9 | -7,7 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 157,5 | 192,1 | 159,2 | 93,6 | -39,6 | -38,9 |
| Башка секторлор | 109,1 | 31,4 | 95,9 | 532,3 | 203,8 | 48,1 |
| Камсыздандыруу, пенсиялык программалар жана стандарттык гарантиялардын программасы | — | — | — | — | — | — |
| Соода кредиттери жана авансвары | -65,4 | 282,6 | 136,0 | 1 221,6 | 327,0 | -464,6 |
| Башка секторлор | -65,4 | 282,6 | 136,0 | 1 221,6 | 327,0 | -464,6 |
| Башка кредитордук карыз | — | — | — | — | — | — |
| Атайын карыз алышуу укугу | 241,5 | — | — | — | — | — |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | 500,9 | 3 998,4 | 6 448,5 | 2 976,4 | 3 358,2 | 3 044,6 |
| **Жалпы баланс** | -564,0 | 441,0 | -6,4 | -234,0 | -131,2 | -521,8 |
| **Камдык активдер жана аларга тиешелүү статьялар** | 564,0 | -441,0 | 6,4 | 234,0 | 131,2 | 521,8 |
| Резервдик активдер[2] | 584,9 | -456,1 | -64,4 | 139,1 | 84,4 | 484,5 |
| Монетардык алтын | — | — | — | — | — | — |
| Атайын карыз алышуу укугу | 255,8 | -124,4 | -53,6 | 39,5 | 0,6 | -1,9 |
| ЭВФтеги резервдик позиция | — | — | — | — | — | — |
| Башка резервдик активдер | 329,1 | -331,7 | -10,8 | 99,6 | 83,8 | 486,4 |
| ЭВФ менен операциялар боюнча ссуда жана насыялар (резервди кошпогондо) | -25,7 | -21,6 | -70,8 | -94,9 | -46,8 | -37,3 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | -25,7 | -21,6 | -70,8 | -94,9 | -46,8 | -37,3 |
| Өзгөчө каржылоо | 46,6 | 6,6 | — | — | — | — |

1 Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алганда

[2] ЭВФ методологиясына ылайык, резервдик активдердин курамына кошуу үчүн, Кыргыз Республикасынын резиденттеринен куйма түрүндөгү алтынды сатып алууга байланыштуу операциялар резервдик активдерден алынып салынган.

## 2-тиркеме. Тышкы соода түзүмү боюнча баяндама

**Товарлар экспорту ФОБ баасында** 2024-жылдын I жарым жылдыгына салыштырмалуу 23,2%га кыскаруу менен 1 092,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Алтынды эске албаганда, экспорт 10,0%га төмөндөө менен 915,7 млн АКШ долларын түзгөн.

Отчёттук мезгилде экспорттун товардык түзүмү, негизинен, өнөр жай өндүрүшүнүн жана айыл чарба продукцияларынан, ошондой эле энергия продукцияларынан турган.

2025-жылдын I жарым жылдыгында алтындын экспорту 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырганда берүүлөрдүн айкын көлөмү кыскарышы эсебинен 176,8 млн АКШ долларын түзгөн.

Муну менен катар эле, талдоого алынган мезгилде экспорттун өсүшүнө баалуу металл кендери жана концентраттары (54,0 млн АКШ долларына өсүш), өнөр жай өндүрүшүнүн продукциялары, автоунаа бензини (24,4 млн АКШ долларына) жана товарларды ташуу жана таңгактоо үчүн пластмассадан даярдалган буюмдар (7,7 млн АКШ долларына) сыяктуу товардык категорияларды берүү да олуттуу салымын кошкон.

Отчёттук мезгилдин алты айы ичинде **товарлар импорту (СИФ баасында)** 2024-жылдын ушул көрсөткүчүнө салыштырганда 5,6%га төмөндөп, 6 198,2 млн АКШ долларын түзгөн.

Өтүп жаткан жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгында “өндүрүш техникасы үчүн жабдуунун бөлүктөрү” (811,5 млн АКШ долларына) жана “жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорт каражаттары” (649,4 млн АКШ долларына) боюнча импорттун көлөмүнүн төмөндөшү байкалган.

Муну менен бирге эле, “чоюн жана болот” (140,6 млн АКШ долларына), “жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер” (87,2 млн АКШ долларына), “жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган автоунаалар” (78,7 млн АКШ долларына), “тигүүчү машиналары үчүн ийнелер; тигүүчү машиналар үчүн атайын конструкцияланган эмеректер, орнотулуучу бөлүктөр жана кутулар” (54,7 млн АКШ долларына), “бут кийим” (52,4 млн АКШ долларына) статьялары боюнча импорт көлөмүнүн кыйла көбөйүшү белгиленген.

2025-жылдын I жарым жылдыгында “минералдык отун, майлоочу майлар жана ушул сыяктуу материалдар” бөлүгүнүн товардык позицияларынын импорттук көлөмү 2024-жылдын ушул көрсөткүчүнө салыштырганда 14,5%га көбөйүп, 777,4 млн АКШ долларын түзгөн. Бул топтун импортунун товардык түзүмүндө мунай заттары байкаларлык үлүштү ээлеген, алардын келип түшүүсү 14,3%га өсүү менен 619,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө катталган.

Көрсөтүлгөн мезгилде автоунаа бензинин (68,0 млн АКШ долларына), мазутту (47,7 млн АКШ долларына), башка мунай заттарын (15,5 млн АКШ долларына), авиакеросинди (7,4 млн АКШ долларына), майлоочу материалдарды (4,8 млн АКШ долларына) импорттоо көлөмүнүн өсүшү байкалган.

Отчёттук мезгилде жаратылыш газынын импорту 2024-жылдын ушул көрсөткүчүнө салыштырганда 18,8%га өсүү менен 49,8 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми көмүр, кокс жана брикеттер импорту 50,5%га жогорулап, 15,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө белгиленген.

Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар (27,0 млн АКШ долларына), консервацияланган мөмө-жемиштер жана мөмө-жемиштерден жасалган азыктар (14,2 млн АКШ долларына), кант кошулган

## 2-тиркеме. (уландысы)

минералдык суу жана алкоголсуз суусундуктар (10,4 млн АКШ долларына), дан азыктарынан, ундан же крахмалдан жасалган азыктардын (7,8 млн АКШ долларына) импортунун өсүшү байкалган; ошол эле учурда “кант, патока жана бал” товардык тобу боюнча келип түшүүлөр 9,5 млн АКШ долларына кыскарган.

## 3-тиркеме. Төлөм теңдемин түзүү үчүн маалымат булактары

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | | |
| **Товарлар** | | |
| экспорт | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| импорт | УСК | |
| Төлөм теңдеминин методологиясы боюнча товарлар экспорту/импорту | | |
| экспорт | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| импорт | УСК | |
| Монетардык эмес алтын | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Башка тараптарга таандык материалдык ресурстарды иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | УСК | |
| Башка категорияларга кирбеген ремонт жана техникалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Кыдыруулар | УСК, КБ | республикага (республикадан) кирген (чыккан) жарандардын санынын негизинде түзүлгөн методикага ылайык баа берүү |
| Курулуш | КБ | |
| Камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Интеллектуалдык менчикти пайдалануу үчүн төлөө | КБ | |
| Телекоммуникациялык, компьютердик жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| анын ичинде, техникалык жардам | ЭВФ, Финансы министрлиги | баа берүү маалыматтары |
| Жеке жактарга кызмат көрсөтүүлөр жана маданият жана эс алуу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Башка категорияларга кирбеген мамлекеттик товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | ТИМ, КБ, Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө чыгашалар боюнча маалыматтар; Кыргыз Республикасындагы чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалымат |
| **Баштапкы кирешелер** | | |
| Эмгекке төлөө | УСК, КБ, Ишканалар | |
| Инвестициялык кирешелер | | |
| Тике инвестициялар | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет мамлекеттердин ишканаларынан топтолгон тике инвестициялар боюнча кирешелер жөнүндө маалымат |
| Портфелдик инвестициялар | Улуттук банк, КБ | |
| Башка инвестициялар | ФМ, Улуттук банк, УСК, КБ | |

## 3-тиркеме. (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| **Экинчилик кирешелер** | | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | |
| Финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана коммерциялык эмес үй чарба уюмдары | КБ, УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| Жеке трансферттер (резидент-үй чарбалары менен резидент эмес-үй чарбалары ортосунда күндөлүк трансферттер) | | |
| *анын ичинде иштеп жаткандардын акча которуулары* | КБ, УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| Башка күндөлүк трансферттер | УСК, КБ | |
| **Капитал менен операциялар эсеби** | | |
| Капиталдык трансферттер | | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ЭВФ, ФМ, УСК | товарлар түрүндө гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүү |
| Карызды кечүүгө байланыштуу трансферттер | Ишканалар, Финансы министрлиги | |
| Финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана коммерциялык эмес үй чарба уюмдары | УСК | |
| **Финансылык эсеп** | | |
| Тике инвестициялар | УСК, КБ | |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | | |
| Инвестициялык фонддордун капиталында жана пайларында/активдеринде катышуу | УСК, КБ | |
| Карыздык инструменттер | УСК | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Капиталда катышуу жана инвестициялык фонддордун пайлары/акциялары | УСК, КБ | |
| Портфелдик инвестициялар | УСК | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | КБ | |
| Туунду финансылык инструменттер (резервдерден тышкары) жана кызматкерлер үчүн акцияларга опциондор | КБ | |
| Башка инвестициялар | УСК | |
| Нак валюта жана депозиттер | | |
| Борбордук банк | КБ | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банктан тышкары | КБ | |
| Башка секторлор | УСК | |

## 3-тиркеме. (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| Ссудалар жана карыздык каражаттар | | |
| Финансылык активдерди таза кабыл алуу | | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банкты эске албаганда | КБ | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банктан тышкары | КБ | коммерциялык банктар тарабынан алынган кредиттер боюнча банктык статистика маалыматтары |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Соода кредиттери жана аванстар | УСК | |
| Башка дебитордук/кредиттик карыз | ФМ, КБ, УСК | |
| Атайын карыз алышуу укугу (милдеттенмелерди таза кабыл алуу) | ФМ, Улуттук банк | |
| Резервдик активдер | Улуттук банк | |

КЫРГЫЗ БАНКЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИ

## 2025-ЖЫЛДЫН I ЖАРЫМ ЖЫЛДЫГЫ

